БЕКИТЕМИН
Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти,
п.и.к. М.У. Музулманов
_______________________
_______________ 2024-ж.

Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын **«Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү»** аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо боюнча Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясынын лабораториялар аралык кеңейтилген отурумунун 2024-жылдын 8-октябрындагы №4 протоколунун

## КӨЧҮРМӨСҮ

**Катышкандар:**

1. Рысбаев С.К. – п.и.д., профессор (13.00.01, 13.00.02), КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери.
2. Добаев К.Д. – п.и.д., профессор (13.00.01, 13.00.02), КББАнын илимий изилдөөлөрдү уюштуруу лабораториясынын башкы илимий кызматкери.
3. Мусаева В.И. – п.и.д., профессор (13.00.02), И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетиндеги кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасында прфессордун м.а.
4. Мукамбетова А.С. – п.и.д., проф.м.а. (13.00.02), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин И.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун Филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасынын профессору.

5. Асипова Н.А. – п.и.д., профессор (13.00.01), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын профессору.
6. Беркимбаев К.М. – п.и.д., проф. (13.00.08), Х.А. Ясави атындагы Казак-Түрк эл аралык университетинин компьютердик инженерия кафедрасынын профессору.
7. Музулманов М.У. – п.и.к. (13.00.02), КББАнын вице-президенти.
8. Абдулдаев Д.А. – п.и.к., доцент (13.00.01), КББАнын илимий изилдөө иштерин уюштуруу лабораториясынын башчысы.
9. Батыркулова А.Б. – п.и.к. (13.00.02), КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы.
10. Жумабаева Г.А. – п.и.к. (13.00.01), КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери.
11. Иманкулов М.К. – п.и.к., доцент (13.00.01), КББАнын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын башчысы.
12. Рыспаева Б.С. – п.и.к., (13.00.01, 13.00.02), КББАнын Табигый-илимий жана математикалык билим берүү лабораториясынын башчысы.
13. Аманова Г.М. – п.и.к., (13.00.01), КББАнын Үзгүлтүксүз билим берүү лабораториясынын башчысы.
14. Нусупова Р.С. – п.и.к., (13.00.08), Б.Осмонов атындагы Жалал-Абат мамлекеттик университетинин физика жана информатика кафедрасынын башчысы.
15. Зулушова А.Т. – п.и.к., (13.00.08), Ошмамлекеттик университетинин Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин декандын сырттан окуу боюнча орун басары.
16. Жолчиева А.А. – п.и.к., (13.00.01), Эл аралык “Ала-Тоо” университетинин Коомдук жана гуманитардык илимдер факультетинин педагогика кафедрасынын доценти.
17. Талантбек к. А. – КББАнын аспирантура бөлүмүнүн башчысы.

18. Аттокурова Ч.А. – КББАнын Мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери.
19. Бейшенбаева Б.Т. – КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери.
20. Бекбоева А.А. КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери.
21. Алымбаева Б.Б. – КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башчысынын милдетин аткаруучу.
22. Дюшекеева А.С. – КББАнын аспиранты.
23. Асанова А.С. – КББАнын аспиранты.

**Отурумдун төрагасы:** Рысбаев С.К. – п.и.д., профессор (13.00.01, 13.00.02), КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери.

**Отурумдун катчысы:** Батыркулова А.Б. – п.и.к. (13.00.02), КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Изденүүчү Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо.
2. Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясынын аспиранты Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү » аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши боюнча кандидаттык экзамен

тапшыруу үчүн Филологиялык билим берүү лабораториясы менен изденүүчү тарабынан биргеликте иштелип чыккан кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

Диссертациялык иш: Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясында аткарылган.

Илимий жетекчи – п.и.д., профессордун м.а. Мукамбетова Айгүл Садырбаевна. Диссертациялык темасы Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 2020-жылдын 19-майындагы отурумунун №3 протоколу менен бекитилген.

**Рецензенттер:**

1. Асипова Н.А. п.и.д., профессор (13.00.01), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын профессору.
2. Жолчиева А.А. п.и.к. (13.00.01), Эл аралык "Ала-Тоо" университетинин Коомдук жана гуманитардык илимдер факультетинин педагогика кафедрасынын доценти.

**УГУЛДУ:**

**Отурумдун төрагасы** – Кыргыз билим берүү академиясынын лабораториялар аралык кенейтилген жыйынынын мүчөлөрү, бүгүн 2024-жылдын 8-октябрында сиздер менен биргеликте Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин, иш аткарылган жеринде талкуулайбыз.

Катышуу баракчасына ылайык жалпы – 23 мүчө катышып жатат, анын ичинен онлайн катышкандары – 3. КР УАКтын "Окумуштуулук даражасын изденип алууга көрсөтүлгөн диссертацияны алдын-ала кароодон өткөрүү боюнча инструкциянын" 3-пунктуна ылайык кворум бар. Демек, талкууну баштасак болот.

Биринчи сөз изденүүчүнүн өздүк мүнөздөмөсү, иштеген иши жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү жөнүндө айтып берүү үчүн отурумдун катчысы, Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнага берилет.

**Отурумдун катчысы, Батыркулова А.Б.:**

Аты-жөнү: Ниязова Жыпар Дуйшоевна.

Туулган жылы: Ош облусу, Карасуу району, Мады айылында 1976-жылдын 18-декабрында төрөлгөн.

Жалпы педагогикалык стажысы 25 жыл.

Учурда иштеген жери/кызматы: Ош мамлекеттик университетинин факультеттер аралык чет тилдер кафедрасынын улук окутуучу.

Билими: Жогорку, 1994-1999 жж Ош мамлекеттик университети, Дүйнөлүк тилдер факультети, "чет тили жана адабияты" адистиги боюнча Окутуучу аквалификациясына ээ болгон.

Аспирантурада окугандыгы тууралуу маалымат: Кыргыз билим берүү академиясында, 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча 2019-2023-жылдары аспирантурада окуган.

Илимий жетекчиси жөнүндө: п.и.д., Мукамбетова Айгүл Садырбаевна, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин И.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун Филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасынын профессору болуп эмгектенет.

Диссертациянын темасы жана илимий жетекчиси Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинде 2020-жылдын 19-майындагы отурумунун № 3 отурумунда бекитилген.

Изилдөө темасынын аталышы: 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү».

**Отурумдун төрагасы, Рысбаев С.К. п.и.д., проф.:** Диссертациялык иштин негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**Изденүүчү, Ниязова Ж. Д.:** Урматтуу төрага, урматуу отурумдун катышуучулары!

13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аталышындагы илимий ишибизди айтып берүүгө уруксат берсеңиздер.

**Изилдөөнүн максаты:** Медицина багытында билим алган студенттердин англис тили боюнча кесиптик байланыш кебин өстүрүүнүн илимий-теориялык базасын аныктоо, илимий-методикалык негиздерин азыркы талапка ылайык иштеп чыгуу, аларга түрдүү деңгээлде эксперимент жасоо, салыштырып текшерүүдөн өткөрүү, практикада жакшы жыйынтык бергендерин окуу процессине сунуштоо. Изилдөөнүн максатына ылайык изилдөөнүн **милдеттери** төмөнкүдөй аныкталды:

- медик студенттердин англис тили сабагында кесиптик байланыш кебин өстүрүүнүн илимий-теориялык маселелерин аныктоо;
- студенттердин англис тилинде байланыш кебин өстүрүүнүн медициналык багыттагы кесиптик билим берүү стандарттарында орун алыш абалын тактоо;
- студенттердин медициналык багытта кесиптик байланыш кебин түзүүнүн методологиялык негиздерине илимий-теориялык жактан баа берүү;
- медик студенттердин кесиптик байланыш кебинин мазмунун жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасын түзүү;
- медик студенттердин кесиптик байланыш кебинин мазмунун жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүү боюнча сабактын үлгүлөрүн иштеп чыгуу;

**Изилдөөнүн методологиялык негиздери:** Алдыга коюлган проблеманы туура жана натыйжалуу аткарылышына маанилүү роль ойногон изилдөөнүн

теориялык негиздери – иш-аракетти уюштуруунун психологиялык теориясы (Л.С.Выготский, А.Н.Леонтьев, С.Л.Рубинштейн, ж. б.), бөтөн тилди өздөштүрүүнүн психолингивистикалык өзгөчө табияты (И.А.Зимняя, О.Е.Лебедев, А.К.Маркова, Д.Хаймс) тилдик, кептик-коммунативдик компетенциялары (Е.Д.Божович, В.А.Болотов, В.В.Ветрова, А.В.Хуторской, ж. б.) жана медик студенттердин адеп-ахлактык касиеттери туура калыптаныш үчүн дидактиканын жалпы маселелери (Ю.К.Бабанский, В.С.Леднев, И.Я.Лернер, П.И.Пидкасистий, ж. б.) боюнча эмгектер колдонулду. Булардан тышкары иштин илимий сапатын жогорулатуу үчүн казакстандык окумуштуулар – А.Е.Абылкасымова, М.Ж.Жадрина, К.Ж.Аганина, Б.К. Игенбаев, ж. б. изилдөөлөрү ишке тартылды.

1.Дүйнөлүк медициналык билим берүүдөгү реалдуу иш-аракеттер көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын бул багыттагы мамлекеттик саясаты толук натыйжага жетүү үчүн бардык дисциплиналардын мазмунундагы түшүнүктөрдөн төмөнкүдөй проблемаларды маңыздуу чечүү керек болуп турат. Алар: оорулуу менен врачтын ортосунда түрдүү шартта болуучу кызматташууга талдоо жүргүзүү аркылуу медик студенттерге бейтап менен иш алып барууда таасирдүү сүйлөө жана туура сүйлөшүүнүн этикеттерин иштеп чыгуу; ооруну аныктоо жана бейтап менен кызматташуу процессинде врачтык кесипкөйлүгүн аныктоочу байланыш кебинин көндүмдөрүн аткарууну адиске мүнөз катары калыптандыруу; оорунун жана бейтаптын абалын жакын адамдарына, досторуна, түшүндүрүүдө кесиптик байланыш кебинин мазмуну катары сылык-сыпаа баяндоо тексттерин түзүүгө жетишүү;

2.Студент-медиктерди кесиптик даярдоо процессинде алардын англис тилиндеги коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ишке ашыруунун методдору: аңгемелешүү; анкета жүргүзүү; интервью алуу; тест; анализ жана синтез; предметти жекелештирүү жана жалпылоо; предметти салыштыруу; предметти моделдөө; теманы долборлоо.

3.Болочок медиктердин англис тилиндеги коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча тажрыйба-эксперименталдык ишти анализдөө.

Эксперименталдык изилдөөгө коюлган милдеттерге жана иштелип чыккан планга ылайык, педагогикалык эксперимент 2020-2023-окуу жылдарында 3 этап менен (абалды аныктоочу, изденүүчү, окуп үйрөтүүчү) өткөрүлдү. Абалды аныктоочу эксперименттин жүрүшүндө 2020-2021-окуу жылы медик студенттердин жогорку окуу жайына келип киргенде англис тилин кесиптик багытта билүү деңгээли тууралуу окутуу процессине анализ жүргүзүлдү. Изденүүчү эксперимент (2021-2022-окуу жылында) ОшМУнун медицина факультетинде, ОшМУда ачылган Тюмень мамлекеттик медициналык университетинде, Урал мамлекеттик медициналык университетинде жана Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун медицина факультеттеринде жүргүзүлдү. Медик студенттердин англис тилин кесипке багыттап окутуу боюнча студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга карата иш-аракеттер аткарылды.

Эксперименттин текшерүү жана жыйынтыктооочу этабында (2022-2023-окуу жылдары) медик студенттердин англис тилинде кесиптик байланыш кебине катышуусу, анда кеп болгон сүйлөө жана сүйлөшүү учурларында суроо берүүсү, берилген суроого жооп кайтаруусу, өз ара белгилүү бир тематиканын айланасында пикирлешүүсү кыйла өскөнү байкалды. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктоочу этабында биз сунушталган тажрыйбалар аягына чыгарылып, анын корутундулары талдоого алынды. Медициналык жогорку кесиптик билим берүү багыттарынан бул изилдөө жумушуна катышкан 438 студенттин ичинен англис тилинде кесиптик байланыш кебин жогорку деңгээлге жетишкендер байкоо тобунда 34,3 пайыз болсо, тажрыйба тобунда 67,9 пайызды көрсөтүп, айырма 33,6 пайызды түздү. Ошол эле учурда төмөнкү деңгээл байкоо тобунда 17,4 пайыз болсо, тажрыйба тобунда 50,6 пайызды ээлеп, айырма 33,2 пайызды түздү. Демек, тажрыйба тобунда төмөнкү деңгээл азайып, жогорку деңгээл көбүрөөк

болуп, биздин методикалык сунуштарыбыз натыйжасын бергенин айкындады. Демек бул көрсөткүчтөр биздин эксперименталдык изилдөөбүз эффективдүү экендигин аныктайт.

**Корутунду.** биз тарабынан түзүлгөн моделде көрсөтүлгөн натыйжаларга жетишүү үчүн эксперименталдык топторго төмөнкүдөй иш-аракеттерди сунуш кылдык: силлабустарга (окуу программасына) айрым кептик байланышты тереңдетүүчү тексттерди коштук; окуу процессинде ийгиликке жетүү үчүн окутуунун интерактивдүү технологияларын пайдаландык; социалдык чөйрөдө, бейтап менен ооруканада туура пикир алмашуусу үчүн кептик тексттердин даяр формаларын иштеп чыгып, дайыма ошол кептик тексттердин коштоосунда тил үйрөтүү иштерин аткардык; сүйлөө жана сүйлөшүү көндүмдөрүн активдештирүү максатында ар бир сабакта пайдаланууга зарыл болгон лексикалык минимумду аныктап турдук;

**СУРООЛОР.**

**Отурумдун төрагасы:** Рахмат. Суроолоруңуздар болсо бериңиздер. Иштеген ишин айтып бүттү, айтылган ойлор боюнча алдыңыздардагы авторефераттар боюнча суроолорду берсеңиздер болот.

**Аманова Г.М. п.и.к.:** Экспериментти канчанчы курстун студенттерине жүргүздүңөр?

**Изденүүчү:** ЖОЖдордо англис тили предмети 1-курста гана окутулгандыктан, медицина факультетинин 1-курстун студенттеринен алынды.

**Аманова Г.М.:** Мектепти бүтүрүп келгенден кийин студенттердин англис тилин билүү деңгээли бирдей эмес деп (таблицаңызда үч деңгээл менен) берилиптир. Ошондо силер кантип результатка жетүү үчүн начар билген студенттер менен иштединер?

**Изденүүчү:** Албетте натыйжага жетүү үчүн начар билген студенттердин деңгээлине жараша окуу жана окутуу материалдары түзүлдү жана аларга кошумча тапшырмаларды берүү менен жетиштик.

**Мусаева В.И., п.и.д., проф.:** Илимий жаңылыгыңыз жөнүндө айтып бериңизчи?

**Изденүүчү:** Медик студенттердин англис тили сабагында кесиптик байланыш кебин өстүрүүнүн илимий-теориялык маселелери кыргыз педагогикасында алгач ирет аныкталды; студенттердин англис тилинде байланыш кебин өстүрүүнүн медициналык багыттагы кесиптик билим берүү стандарттарында орун алыш абалы илимий-теориялык жактан такталды; студенттердин медициналык багытта кесиптик байланыш кебин түзүүнүн методологиялык негиздерине илимий-теориялык жактан алгачкы жолу баа берилди.

**Мусаева В.И.:** Медицина багытында англис тили боюнча башка орус ж.б. окумуштуулардын эмгектери бар бекен, кимдерди атай аласыз?

**Изденүүчү:** Орустун медик-педагогдорунунун - М.Я.Мудров, Н.И.Пирогов, С.П.Боткин, И.П.Павлов, А.В.Вишневский, АН.Бакулев ж. б. эмгектеринин мисалында сунуш кылууга болот. Алар туурасында илимий эмгектин ичинде айтылган.

**Жумабаева Г.А., п.и.к., доцент:** Окумуштуулардын эмгектерине дагы башка кандай толуктоолорду киргиздиңиз?

**Изденүүчү:** Силлабустарга (окуу программасына) айрым кептик байланышты тереңдетүүчү тексттерди коштук. Пикир алмашуусу үчүн кептик тексттердин даяр формаларын иштеп чыгып, дайыма ошол кептик тексттердин коштоосунда тил үйрөтүү иштерин аткардык; сүйлөө жана сүйлөшүү көндүмдөрүн активдештирүү максатында ар бир сабакта пайдаланууга зарыл болгон лексикалык минимумду аныктап турдук; кыргызча-англисче-орусча методикалык колдонмо жана сүйлошмө-сөздүктү иштеп чыктык.

**Алымбаева Б.Б.:** Мектепти бүтүрүп келгенден кийин студенттердин деңгээлин кандай аныктайсынар жана алардын деңгээли бирдейби?

**Изденүүчү:** Мектепти бүтүп келгенден кийин студенттердин тил билүү деңгээлин атайын диагностикалык тесттерди берүү менен аныктайбыз. Албетте, алардын тил билүү деңгээли бирдей болбойт (эң жакшы, жакшы, орто деңгээлде аныкталат).

**Алымбаева Б.Б.:** Сиз тандап алган тема актуалдуубу?

**Изденүүчү:** Абдан актуалдуу, себеби азыркы коомдун талабына ылайыктап конкуренцияга жөндөмдүү медик адисин даярдоодо англис тилинде кесиптик байланыш кебин өстүрүүбүз өтө маанилүү. Келчектеги медик кызматкерибиз чет өлкөгө чыгып окуусун андан ары улантуусу үчүн (аспирантура, ординатура ж.б.), чет өлкөлүк кесиптештери менен байланыш үчүн, жакшы маяна табуу максатында чет өлкөгө барып иштөө үчүн, жаңы техникалык жабдууларды колдонуу үчүн, оорунун жана дарылоонун түрлөрүн өнүккөн өлкөлөрдөн үйрөнүү үчүн (пересадка, трансформация) кесиптик терминдерди жакшы билип, эркин сүйлөй алуусу керек. Ошондуктан кесипке багыттап окутуунун өзү актуалдуу деп эсептейм.

**Рыспаева Б.С., п.и.к., доцент:** Оорулуулардын руханий-психологиялык абалын көтөрүү максатында медиктерди кандай жардам берүүгө тарбияладыңыз?

**Изденүүчү:** Мен, болочок медиктерди тарбиялоодо бир гана дарыгердин милдетин аткарбастан, аларды оорулуулар менен болгон мамилесинде психолог, керек болсо жакын адамы болуп жакшы сөз менен дарылоосун үйрөттүм. Себеби жакшы сөз менен ишендирип дарылоодо жакшы жыйынтыктар болот. Мисалы, “сиздин бүгүн абалыңыз кечегиден жакшы”, “сизде өгөрүш бар, тез эле айыгып кетесиз”, “дарылар жакшы таасирин берип жатат, жакынкы күндөрү бир да ооруну сезбей каласыз” ж.б.

**Абдулдаев Д.А., п.и.к., доцент:** Силер окуткандан кийин студенттердин чет тилин билүү деңгээли бирдей болобу?

**Изденүүчү:** Биз окуткандан кийин студенттердин деңгээли бирдей болбойт. Себеби ар кимдин кабыл алуусу түрдүүчө, бирок студент өзүнүн кесибине байланышкан бардык кесиптик терминдерди жаттап үйрөнөт, баарлаша алат.

**Иманкулов М.К., п.и.к., доцент:** Англис тилин канча кредиттик саат менен окутасыңар жана ошол кредиттик саатта бүт талаптарга жетиштирип окутса болобу?

**Изденүүчү:** Англис тили окуу стандартында 4 кредиттик саат менен берилген, 1 семестр гана окутулат.  Алардын 60 сааты практикага, 60 сааты СӨАИге берилген. Бирок 60 саатта жетишүү кыйын, ошондуктан биз кошумча тапшырмаларды көбүрөөк беребиз жана сабактан сырткаркы учурда аларды текшерип, сурап турабыз.

**Рысбаев С.К., п.и.д., проф.:** Студент 1-курста гана англис тилин окуса, анан кантип окууну бүткөндө англисче сүйлөй алат?

**Изденүүчү:** Билим берүү стандартында англис тили 1-курста гана окутулуусу көрсөтүлгөн, бирок биз башка курстарда да (КПВ) тандоо курсуна киргизип, жаңы окуу программаларын түзүп (кесиптик англис тилин- 2-курста, бизнес англис тилин- 3-курста) окутуп жатабыз.

**Абдулдаев Д.А.:** Англис тилин кесипке багыттап окутууда кандай компетенцияларды калыптандыруу керек?

**Изденүүчү:** Англис тилин окутууда жалпы компетенциялардан: ЖК-5; ЖК-6. Инструменталдык компетенциялардан: ИК-2; ИК-3 компетенцияларын калыптандырабыз.

**Талантбек к.А.:** Сиз эксперименттин 1-этабында базалык билимин текшерүү аркылуу баалагансыз, акыркы этабында кесиптик билим берүү багытында текшерүү иштери жүргүзүлүптүр. Ошону сиз окутканга чейин кесиптик билим берүү багытындагы суроолор менен баалап көрдүңүзбү?

**Изденүүчү:** Ооба, базалык билимин диагностикалык тест аркылуу баалап алгандан кийин, эксперименттин 2-этабында кесиптик билим берүүгө багытталган тапшырмалар менен текшерүү жүргүзгөнбүз. Мунун баары таблицалар менен берилип, пайыздары менен диссериациялык иште көрсөтүлгөн.

**Талантбек к.А.:** Кыргызстандагы бардык ЖОЖдордо студенттерди А1 деңгээли менен окууга кабыл алып жатса, сиздин (жакшы билет, жакшы билбейт) таблицаңыздын кереги барбы же жокпу?

**Изденүүчү**: Кереги бар, себеби билим деңгээлин аныктап алып, анан ошого жараша диференцирлеп окутабыз. Жеңилден татаалды карай.

**Зулушова А.Т., п.и.к., доцент:** Диссертациялык иштин ичинен канча макала жаза алдыңыз?

**Изденүүчү:** Диссертациялык илимий ишимдин негизинде 13 макала жаздым. Анын 11и жергиликтүү жана чет элдик журналдарда басмага жарыяланды, экөө басмага сунушталды.

**Зулушова А.Т.:** Экспериметти кайсы окуу жайларында жүргүздүңүз?

**Изденүүчү:** Эксперимент Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинде, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абат мамлекеттик университетинин (ЖАМУ) медициналык факультетинде, Тюмень мамлекеттик медициналык университетинде (ТММУ), Урал мамлекеттик медициналык университетинде (ТММУ) “дарылоо иши” адистигине жүргүзүлдү.

**Нусупова Р.С., п.и.к., доцент:** Авторефераттын 17-бетинде студенттердин сүйлөшүү жана сүйлөө мүмкүндүгүн түрдүү жумуштар менен талдадык деп берилиптир, кандай жумуштар жөнүндө сөз болуп жатат?

**Изденүүчү:** Сүйлөө жана сүйлөшүү учурларында суроо берүүсү, берилген суроого жооп кайтаруусу, өз ара белгилүү бир тематиканын алкагында пикирлешүүсү жөнүндө сөз болгон.

**Рысбаев С.К., п.и.д., проф.:** Иште кыргыз окумуштуулардын кайсы эмгектерин пайдаландыңыз?

**Изденүүчү:** С. Каратаеванын “Кесиптик багыт берүүнүн теориясы жана практикасы” дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси – Бишкек.:2023ж. М. Алтыбаева «Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долборлоо маселелери»: Окуу- методикалык кодонмо – Ош.: 2018ж. профессор Дообаев К.Ж. ж.б окумушуулардын эмгектерин пайдаландым.

**Рысбаев С.К.:** Касымкул Нанаев деген ким болгон?

**Изденүүчү:** Касымкул Нанаев агартуучу, тилди окутуу боюнча адис болгон.

**Отурумдун төрагасы:** Эгер суроолоруңуздар берилип бүтсө, кийинки сөз изденүүчүнүн илимий жетекчиси, п.и.д. (13.00.02), Ж.Баласагын атындагы

Кыргыз улуттук университетинин И.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун Филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасынын профессору Мукамбетова Айгүл Садырбаевнага сөз берилет.

Изденүүчү Ниязова Жыпар Дуйшоевна тарабынан жазылган «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий ишмердүүлүгүнө илимий жетекчинин пикири:

Изденүүчү Ниязова Жыпар Дуйшоевна Кыргыз билим берүү академиясынын аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүн бүттү. Ал медицина багытында окуган студенттердин кесиптик байланыш кебин англис тили сабагында өстүрүү боюнча өзүнүн издилдөө ишин жүргүздү. Диссертациялык иштин темасы 2020 - жылдын 19- майында бекиген. Аспирантурада окуп жүргөн мезгилде Ж.Ниязова аспирантуранын кесиптик-билим берүүчүлүк программасын толугу менен аткарды, диссертациялык иштин план-проспектисин убагында түздү. Кандидаттык минимумдардын баарын “эң жакшы” деген баага тапшырды (мамлекеттик тилден, англис тилинен, илимдин жана философиянын тарыхынан, педагогикалык чеберчиликтен, изилдөөнүн методологиясынан).

Изденүүчү теоретикалык изилдөөнү өз алдынча жүргүздү жана педагогикалык эксперименттерди өзү иштеген жана башка жогорку окуу жайларында кылдаттык менен жүргүзүп жаңы изилдөө материалдарды чогултту. Ошондой эле педагогикалык изилдөө жүргүзүү менен методологияны жетишээрлик жакшы өздөштүрдү деп эсептейм. Жыпар Ниязова педагогикалык изилдөөнүн теоретикалык эмпирикалык методдорун колдонууну билет. Аспирантурада окуп жүргөн мезгилде РИНЦ системасына кирген илимий журналдарга Жогорку аттестациялык комиссия талап кылгандай илимий макалаларын жарыялоого үлгүрдү жана жыл сайын илимий

отчетторун өз убагында тапшырып турду. Ниязова Жыпар Ош мамлекеттик университетинде изилдеп жаткан темасына ылайык медициналык багытта окуган студенттерге сабак берет. Анын педагогикалык эксперименттик иштери өзү сабак берген студенттер арасында күн сайын жүргүзүлүп турду.

Ж.Д. Ниязова илимий ишине өтө жоопкерчиликтүү мамиле кылгандыгы менен айырмаланды, анын берилген тапшырманы өтө оперативдүү өз убагында аткарып, сунуш кылган адабияттарды учурунда окуп, илимий ишмердүүлүгүндө туура пайдалана алганга аракет кылды.

Коргоого коюлуп жаткан диссертациялык иштин көлөмү, жарыкка чыккан эмгектеринин саны, илимий-кесиптик даярдыгы жана инсандык сапаттарын көрүпмен илимий жетекчи катары Ниязова Жыпар Дуйшоевна 13.00.08 –кесиптик билиим берүүнүн теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин коргоого коюуга болот деп сунуштайм.

**Отурумдун төрагасы:** Кийинки сөз, көрсөтүлүп жаткан илимий изилдөө иш үчүн тандалып алынган рецензенттердин пикирине берилет.

**1-рецензент, Асипова Н.А. п.и.д., профессор:** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын профессору (рецензенттин пикири тиркелет).

**Отурумдун төрагасы**: Изденүүчү, рецензенттин пикирине жообуңузду берсеңиз болот.

**Изденүүчү:** Нурбүбү Асаналиевна, берген пикириңиз мен үчүн өтө маанилүү. Сизге чоң рахмат, айтылган сунуштарыңызды эске аламын.

**2-рецензент, Жолчиева А.А. п.и.к., доцент:** Эл аралык “Ала-Тоо” университетинин Коомдук жана гуманитардык илимдер факультетинин педагогика кафедрасынын доценти (рецензенттин пикири тиркелет).

**Отурумдун төрагасы:** Изденүүчү, рецензенттин пикирине жообуңузду берсеңиз болот.

**Изденүүчү:** Айнуру Алибековна, менин илимий ишимди карап чыгып, сунушуңузду бергениңиз үчүн ыракмат! Баалуу сунуштарыңызды эске аламын.

**Отурумдун төрагасы:** Урматтуу отурумдун катышуучулары, изденүүчүнүн илимий-изилдөө иши, авторефераты, доклады, берилген жооптору боюнча талкууну баштасак болот. Талкууну баштап берүү үчүн сөз, иш аткарылган лабораториянын башчысына берилет.

**Батыркулова А.Б.:** Колдонгон окумуштуулардын эмгектери иште ссылка менен берилүүсү шарт, ошону эске алышыңыздар керек. Диссертациялык иште ашыкча сөздөр көп, негизинен баары кыска так берилиши керек, себеби түшүнүксүз болгондо көп суроолор жаралышы мүмкүн. Ошондуктан карап чыгып, кыскартуу керек деп ойлойм.

**Аманова Г.М.:** Авторефератка моделди сөзсүз киргизүү керек. Авторефераттын 21-22-беттеринде сизде корутунду менен практикалык сунуштар берилген. Ошол жерде сүйлөмдөрдү формулировка кылуу керек, себеби сүйлөмдөр өтө узун берилген.

**Талантбек к. А.:** Авторефераттын 1- бетиндеги шифрде кашаанын ичинде предмет жазылбайт (англис тил), ошону эске алып коюңуздар. 6- бетте макалалар жазылыптыр, ошол жалпы макала канча баллды берет, эсептетип коюңуздар (пречень менен). Экспериментте 3 таблица көрсөтүлгөн, бирок студенттердин саны ар башка көрсөтүлүп калган, ошону карап коюуңуздарды сунуштайт элем.

**Рысбаева С. К.:** Диссертациялык иш эски вариантта жазылып калган II БАП менен III БАПты алмаштыруу керек, себеби талап ошондой. Методологияны айтпай кеттиң, өзу методология каякта? Ушуга окшогон кемчиликтер көп кездешиптир, ошону карап коюуңду сунуштайт элем.

**Диссертацияны талкулоодон кийин төмөнкүдөй бүтүм кабыл алынды.**

1. **Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз коомчулугуна демократиялык ой жүгүртүүнүн кириши менен өлкөдө саясий-экономикалык, социалдык-маданий өзгөрүүлөр гана болбостон, жарандардын өз ара

мамилеси да жаңыланды. Ал өзү менен кошо пикир алышууга да байланыштын жаңы түрлөрүн киргизди. Ал кайсы кесипте болбосун адамдардын ортосунда баарлашуунун каражаты катары көрүнгөнү менен адистердин кесиптик тилдик-коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандырууда маанилүү компетенцияларга айланды. Андай талап азыркы медициналык кесиптик билим берүү стандарттарында да таасирдүү орунду ээледи. Мамлекет тарабынан ал талаптар мыйзамдаштырылып, дүйнө элдерине маанилүү болгон бардык жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы стандарттары кабыл алынды. Медицина тармактарында да мындай иштер жүрүп, анын негизинде Кыргызстанда аталган тармак боюнча адистерди дүйнөлүк масштабда ийгиликке жеткен эл аралык кызматташуунун чен-өлчөмдөрүн толук канааттандыра алчу (а), рыноктук мамилелерде конкуренцияга туруштук берүүчү (б), эмгек базарында биринчилерден болуп өзүнө жумуш ордун таап кетүүчү (в), бардык жарандар менен тил табышуучу (г), критерийлер менен даярдоо маселеси жаңы кабыл алынган кесиптик билим берүү стандарттарында даана белгиленди.

**2. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** медицина багытында билим алган студенттердин англис тили боюнча кесиптик байланыш кебин өстүрүүнүн илимий-теориялык базасын аныктоо, илимий-методикалык негиздерин азыркы талапка ылайык иштеп чыгуу, аларга түрдүү деңгээлде эксперимент жасоо, салыштырып текшерүүдөн өткөрүү, практикада жакшы жыйынтык бергендерин окуу процессине сунуштоо.

Изилдөөнүн максатына ылайык изилдөөнүн **милдеттери** төмөнкүдөй аныкталды:

- медик студенттердин англис тили сабагында кесиптик байланыш кебин өстүрүүнүн илимий-теориялык маселелерин аныктоо;
- студенттердин англис тилинде байланыш кебин өстүрүүнүн медициналык багыттагы кесиптик билим берүү стандарттарында орун алыш абалын тактоо;

- студенттердин медициналык багытта кесиптик байланыш кебин түзүүнүн методологиялык негиздерине илимий-теориялык жактан баа берүү;
- медик студенттердин кесиптик байланыш кебинин мазмунун жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүү боюнча сабактын үлгүлөрүн жана методикасын иштеп чыгуу;
- сабактын үлгүлөрүнө таянып, педагогикалык эксперименттик иштерди жүргүзүү жана жыйынтыктарын чыгаруу, аны практикага сунуштоо;

3. **Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары:** Изилдөөнүн негизи медик студенттердин англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүү болгондуктан, ал боюнча илимий-теориялык адабияттар менен таанышып чыгып, алардын арасынан бул проблеманы ичкериден үйрөнүүгө өбөлгө түзүүчүлөрүн бөлүп алдык. Сабактарда колдонулуп көрүү аркылуу ыктууларын окуу процессинде анализден өткөрүп, окутуу учурунда натыйжа берген формаларын медициналык багытта жогорку кесиптик билим алып жаткан студенттердин кептик-коммуникативдик калыптандыруу үчүн белгилүү бир жол-жоболорго негизделип синтездөөгө аракеттендик. Бул медик студенттерге "Англис тили" дисциплинасын окутуу менен алардын англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүүгө маанилүү кызмат көрсөтүүчү окуу материалдарын окуу процессине байкоо жүргүзүү менен тактап, жетишпеген жактарынын себептерин аныктап, ага объективдүү баа берүү максатында педагогикалык жактан илимий-практикалык изилдөөнүн план-проспектисин түзүүгө алып келди. Алгач байкоо жумуштары аткарылып, анда студенттердин өздөрү, ата-энелер, иш берүүчүлөр, тажрыйбалуу врачтар, андан соң аларга ушул дисциплинадан сабак берген окутуучу-профессорлор менен түрдүү мазмундагы суроо-жооптор уюштурулуп, айрым маселелер боюнча 10 суроодон турган анкеталар (студенттердин өздөрүнө, ата-энелерге, иш берүүчүлөргө, тажрыйбалуу врачтарга, андан соң сабак берген мугалимдерге) таркатылып, алардан алынган жооптор менен окуу процессинде жүрүп жаткан сабактардын натыйжасы салыштырылып, андан кийин алардын арасындагы алдыңкы тажрыйбалык иштер аныкталып, байкоо

учурунда результат берген жыйынтыктуу окуу-методикалык жумуштар жалпылаштырылып, медик студенттердин англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүү багытында жүргүзүлүүчү педагогикалык эксперименттин илимий-практикалык базасы даярдалды. Анда медициналык педагогиканын өзгөчөлүгүнө жараша изилдөөнүн предмети такталды, б. а. медициналык багыттагы жогорку окуу жайларында "англис тилин" окутуунун методдору, медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү үчүн зарыл болгон окутуунун заманбап талаптары, натыйжага жетүүдө өнүккөн өлкөлөрдөгү коммуникативдик негизде билим берүүнүн парадигмасы бул изилдөөнүн негизги материалдары боло турганы ачыкталды.

Эксперименттик жумуштарды аткарууда ийгиликке жетүү үчүн биз биринчи кезекте англис тилинде жогорку окуу жайларында сабак берген тажрыйбалуу мугалимдер менен маектешсек да, жыйынтыкка жетишүү максатында төмөнкүдөй иштерин жүргүздүк:

а) студенттердин баарынан анкета алдык;

б) студенттердин сүйлөө жана сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүн түрдүү жумуштар аркылуу талдадык;

в) студенттерге тест түрүндө тапшырмаларды берип, сөз байлыгы канча экенин, кепке катышууга мүмкүнчүлүгү кандай экенин билдик;

Англис тилин түшүнүүгө кыйынчылык түзгөн грамматикалык эрежелерди дисциплинаны окутуунун компоненттерине айландырып, анын негизинде сабактын мазмундук-структуралык моделин иштеп чыккандыгыбызга байланыштуу эксперименттин текшерүү жана жыйынтыктоочу этабында (2022-2023-окуу жылдары) медик студенттердин англис тилинде кесиптик байланыш кебине катышуусу, анда кеп болгон сүйлөө жана сүйлөшүү учурларында суроо берүүсү, берилген суроого жооп кайтаруусу, өз ара белгилүү бир тематиканын айланасында пикирлешүүсү кыйла өскөнү байкалды.

**3.1. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** медик студенттердин англис тили сабагында кесиптик байланыш кебин өстүрүүнүн илимий-теориялык

маселелери кыргыз педагогикасында алгач ирет аныкталды; студенттердин англис тилинде байланыш кебин өстүрүүнүн медициналык багыттагы кесиптик билим берүү стандарттарында орун алыш абалы илимий-теориялык жактан такталды; студенттердин медициналык багытта кесиптик байланыш кебин түзүүнүн методологиялык негиздерине илимий-теориялык жактан алгачкы жолу баа берилди.

**3.2. Изилдөөдө келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү:** Кыргызстандагы медик студенттердин англис тилинде байланыш кебин өстүрүү азыркы кесиптик билим берүүдө кандай маселелерди чечүүсү мүмкүн экендигине жана практикалык мааниге ээ болгон окуу процессиндеги абалга баа берилди. Окуу стандарттарында белгиленген компетенцияларга коомдук-социалдык чен-өлчөмдөр менен мамиле жасалып, ал жерде белгиленген кээ бир критерийлер медик студенттердин кесипке болгон талаптарына байланыштуу айрым толуктоолорго муктаж экендиги көрсөтүлдү. Сабактан алынчу натыйжа сүйлөө жана сүйлөшүүгө көнүктүрүү милдетин көздөгөндүктөн, ал миссияны сапаттуу аткаруу кесиптик билим берүүнүн кызыкчылыгына жараша ийкемдүү методиканы тандоо мугалимдин жеке чеберчилиги менен аныкталуучу жумуш экендиги сезилди.

**3.3. Изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү:** Алдыга коюлган проблеманы туура жана натыйжалуу аткарылышына маанилүү роль ойногон изилдөөнүн теориялык негиздери – иш-аракетти уюштуруунун психологиялык теориясы (Л.С.Выготский, А.Н.Леонтьев, С.Л.Рубинштейн, ж. б.), акыл ишмердүүлүгүн этап боюнча калыптандыруу (П.Я.Гальперин, Н.Ф.Талызина, ж. б.), бөтөн тилди өздөштүрүүнүн психолингивистикалык өзгөчө табияты (И.А.Зимняя, О.Е.Лебедев, А.К.Маркова, Д.Хаймс, ж. б.), тилдик, кептик-коммунативдик компетенциялары (Е.Д.Божович, В.А.Болотов, В.В.Ветрова, ж. б.) жана медик студенттердин адеп-ахлактык касиеттери туура калыптаныш үчүн дидактиканын жалпы маселелери (Ю.К.Бабанский, В.С.Леднев, И.Я.Лернер, ж. б.) боюнча эмгектер колдонулду. Булардан тышкары иштин илимий сапатын жогорулатуу үчүн казакстандык окумуштуулар - А.Е.Абылкасымова,

М.Ж.Жадрина, К.Ж.Аганина, Б.К. Игенбаев, ж. б. изилдөөлөрү ишке тартылды. Мындан тышкары медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүүгө зарыл болгон медициналык кесипке тиешелүү ишмердүүлүктүн маңызын таанып-билүүгө, окутуу процессинде жана студенттин жеке ишмердүүлүгүндө адис катары калыптануусуна зарыл болгон компетенцияларды үйрөнүүгө, анын өзүнө таандык компоненттерин өздөштүрүүгө, ошондой эле жаңы технологиясын түзүүгө көмөктөшүүчү илимий-теориялык адабияттар пайдаланылды.

**4. Изилдөөчүнүн жекече салымы:** Медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү багытындагы ык-жолдор, форма-методдор жана каражаттар, кесиптик диалогдордун мазмуну жана аларды жүзөгө ашыруу технологияларына системалуу мамиле кылынып, изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылды.

**5. Изилдөөдө келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:** Эксперименттин жүрүшүндө изилдөө толук текшерүүдөн өтүп, анда медик студенттердин англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүүгө багытталган окутуунун технологиясы колдонулду. Биз тарабынан иштелип чыккан илимий-методикалык иштердин корутундулары окутуучу-доценттер тарабынан практикада текшерилип, сунуштары эске алынып, медик студенттер үчүн окуу-методикалык колдонмо даярдалды жана изилдөөнүн жыйынтыктары кандидаттык диссертация түрүндө жазылып, илимий макалалар катары иштелип чыкты. Илимий ишке байланыштуу 1 окуу-методикалык комплекс, 2 методикалык колдонмо, 12 макалада чагылдырылган.

**6. Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши:** Диссертациялык иш медициналык ЖОЖдордо медицина багытында билим алган студенттердин англис тили боюнча кесиптик байланыш кебин өстүрүүсүн жогорулатууга жардам берет. Диссертациялык иш медицина адистигине ылайык келип, аны кесиптик байланыш кебин өркүндөтүү максатында бардык медициналык ЖОЖдордо колдонууну сунуштайбыз.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинен алынган жана диссертациянын мазмунуна дал келет.

**Диссертацияны талкулоодон кийин төмөнкүдөй сунуштар берилди:**

1. Диссертациялык иштин көлөмү өтө чоң, иш эски структура менен жазылган, орду алмаштырылып кыскартылсын.

2. Авторефераттын орусча которулушунда стилистикалык каталар көп, карап түзөтүлсүн.

3. Эксперименттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн таблица боюнча студенттердин саны түрдүү берилген, башынан баштап эксперименттин жыйынтыгына чейин бирдей сандагы студенттерди алуу керек. Ошондо пайыздык көрсөткүч канчага өскөндүгү даана байкалат.

4. Диссертациялык иште 4 эле милдет коюлат, силерде 6 милдет коюлуптур. Топтоштуруп, кыскартуу керек.

5. Канча милдет коюлса, ошонун баары аткарылып, акырына чейин дал келүүсү шарт.

6. Милдеттер, жоболор жана корутунду-булардын баары бири-бирине шайкеш келет. Корутундуда ошол берилген нерселердин баары так аткарылгандыгын кыскача жазуу керек, ашыкча сөздүн кереги жок.

7. Педагогикалык эксперимент – бул илимдин эң негизги бөлүгүнө кирет, ошондуктан экспериментти аябай тактап далилдөө керек.

8. Британ окумуштууларынан да чет тилин өнүктүрүү боюнча салымын кошкондор арбын кездешет, ошолордун эмгектеринен да кошуп койсо жакшы болот.

9. Билим берүүнүн стандарттарын, мыйзамдарын, даталарын тактап карап коюусун сунуштайм.

10. Илимий жаңылыгың, милдеттериң, коргоого сунушталган жоболоруң – үчөө логикалык байланышып турушу керек. Сенде структурасы туура эмес болуп калган, карап түзөтүү керек.

**Отурумдун төрагасы:** Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясынын лабораториялар аралык кеңейтилген отуруму Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун, жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин уктук. Эми күн тартибиндеги экинчи маселени талкууга өтсөк.

**УГУЛДУ:**

**2. Отурумдун төрагасы**: Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясынын аспиранты Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши боюнча кандидаттык экзамен тапшыруу үчүн Филологиялык билим берүү лабораториясы менен изденүүчү тарабынан биргеликте иштелип чыккан кошумча программасын кароону талкууга койду.

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши боюнча кандидаттык экзамен тапшыруу үчүн Филологиялык билим берүү лабораториясы менен изденүүчү тарабынан биргеликте иштелип чыккан кошумча программасын баяндап берүү үчүн диссертантка сөз берилди.

**Ниязова Ж.Д., изденүүчү**: «Англис тилин медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүүгө багыттап окутуунун теориясы жана методикасы» аттуу программада медик студенттердин англис тили сабагында кесиптик

байланыш кебин өстүрүүнүн илимий-теориялык маселелерин аныктоо, медик студенттердин кесиптик байланыш кебинин мазмунун жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасын түзүү, медик студенттердин кесиптик байланыш кебинин мазмунун жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүү боюнча сабактын үлгүлөрүн иштеп чыгуу каралып, көрсөтүлөт.

Медик студенттердин англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүү маанилүү орунда болуп, адистин компетенттүүлүгү кептик байланышта ачыла турганын эске алсак, аны жогорку окуу жайында англис тили предметинин базасында үйрөтүү маселеси кесиптик билимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул проблеманын профессионалдык коммуникациядагы ордун таануу, колдонуу чөйрөсүн тактоо, болочок адис үчүн маанилүү болгон кырдаалдык ишмердүүлүктөр боюнча байланыш кебин түзүү зарылдыгын көрсөтөт. Медик студенттердин англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүүдө тилдик, кептик-коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу жолдорун иштеп чыгуу, профессионалдык лексиканы кепте колдонууну үйрөтүү, атайын адаптацияланган кырдаалдык темалар боюнча мазмунун айтып берүү, сөз айкаштарын туура колдонуу чеберчилигин сабакта кептик көндүм катары өздөштүрүү жагы турат.

*Программаны окутуунун максаты:* Англис тилин медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүүгө багыттап окутуунун теориясы жана методикасы курсунун максаты - медик студенттерге бейтап менен иш алып барууда таасирдүү сүйлөө жана туура сүйлөшүүнүн этикеттерин иштеп чыгуу, оорунун жана бейтаптын абалын жакын адамдарына, досторуна, түшүндүрүүдө кесиптик байланыш кебинин мазмуну катары сылык-сыпаа баяндоо тексттерин түзүүгө жетишүү, дарылоо ишмердүүлүгүндө керектелүүчү кептин жагымдуу касиеттерин моралдык-нравалык нарк-насил катары үйрөтүү.

Бул максатка ылайык медик студенттерге кептик-коммуникативдик компетенцияларды сапаттуу калыптандырыуу үчүн кызмат абалында

пайдаланууга тийиш болгон кепке үйрөтүүчү тексттер, англис тили боюнча ар кандай маалыматтык түшүнүктөр, терминдер, тилдик каражаттар иштелип чыкты. Демек, англис тили сабагындагы негизги грамматикалык конструкциялар – монологдук жана диалогдук кептик айтымдарга артыкчылык берип, медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү үчүн дарылоо иши адистиги боюнча кесиптештеринин алдында сүйлөө максатында докладдык тексттерди жазып, англисче адам анатомиясын, адамдын түзүлүшүн, кесибине тиешелүү баяндамаларды жасоого, зарылчылыгына жараша презентация даярдоого жетишүү кызыкчылыгы турат.

*Программаны окутуунун милдеттери:* Мында негизгинен англис тилинин грамматикасын үйрөнүүгө – окуу, жазуу, которуу, жаттоо жумуштарына басым жасалып, социалдык-маданий, инсандык, инстурменталдык - тилдик, кептик-коммуникативдик компетенцияларды калыптандырууга болгон аракеттер жүрөт. Бардык ык-усулдар, окутуу формалары мугалимдин жетекчилигинде ишке ашырылат. Кесипке керек тилдик, кептик-коммуникативдик компетенцияларды калыптандырууга болгон аракеттер жандуу сүйлөшүү аркылуу жүрөт. Биз тарабынан түзүлгөн программада көрсөтүлгөн натыйжаларга жетишүү үчүн эксперименталдык топторго төмөнкүдөй иш-аракеттерди сунуш кылдык:

а) силлабустарга (окуу программасына) айрым кептик байланышты тереңдетүүчү тексттерди коштук;

б) окуу процессинде ийгиликке жетүү үчүн окутуунун интерактивдүү технологияларын пайдаландык;

в) эл арасында, социалдык чөйрөдө, бейтап менен ооруканада туура пикир алмашуусу үчүн кептик тексттердин даяр формаларын иштеп чыгып, дайыма ошол кептик тексттердин коштоосунда тил үйрөтүү иштерин аткардык;

г) сүйлөө жана сүйлөшүү көндүмдөрүн активдештирүү максатында ар бир сабакта пайдаланууга зарыл болгон лексикалык минимумду аныктап турдук;

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуунун технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери 2-баскыч [Текст] / И.Б. Бекбоев // Педагогика века. – Бишкек.: 2004. – 40-б.
2. Жолдошбаева, Ы.К. Болочок мугалимдерди даярдоонун айрым маселелери [Текст] / Ы.К. Жолдошбаева // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек.: 2020. – №3(52). – 162-б.
3. Аршинова, Н.И. Формирование иноязычной лингвистической компетенции студентов вуза с применением средств компьютерных технологий (английский язык как вторая специальность) [Текст] / Н.И.Аршинова // Автореф... дис. канд. пед. наук. – Петрозаводск.: – 2007. – 25 с.
4. Джусенбаев, Ш. Дж. Проблемы интеграции высшей школы в мировое образовательное пространство [Текст] / Ш. Дж. Джусенбаев // Эл агартуу. – 1998. – 10-бет.
5. Кутнаева, А. М. Дидактические основы личностно ориентированнного обучения в вузе на первом уровне бакалавриата [Текст] / А. М. Кутнаева // Автореф...дис. канд. пед. наук. – Бишкек.: – 2002. – 26с.
6. Сулайманова, А. И. Студенттердин инсандык өзгөчөлүгү жашоонун маңызын табууну өнүктүрүүнүн пайдубалы катары [Текст] /А.И.Сулайманова // Пед. илим. канд. дисс. ...автореф. – Бишкек. – 2021. – 23 б.
7. Акматов, Б. М. Жогорку окуу жайларында адабиятка тиешелүү сабактарды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык жана практикалык жалпы маселелери [Текст] / Б.М.Акматов // БМУнун Жарчысы. – 2014. –№ 4(30). 203- 205-бб.
8. Ахметова, Н.А. Использование метода проектов при обучении устному общению на русском языке как неродном [Текст] / Н.А. Ахметова // Педагогика и психология: Актуальные вопросы теории и практики: материалы VIII Междуннар. Науч.-практ. – Чебоксары.: – 2016. – №3. – С.44-47.

9. Алтыбаева, М.А. Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долборлоо маселелери [Текст] / М.А. Алтыбаева // Окуу- методикалык кодонмо. – Ош.: – 2018.
10. Акматов, Б. М. Кыргыз адабиятын кесиптик компетенттүүлүктүн негизинде окутуу жана анын дидактикалык негиздери [Текст] / Б.М.Акматов // БМУнун Жарчысы. – 2015. – № 1 (31). –192 -195-бб.
11. Дуйшонбекова, Г. Формирование коммуникативной компетенции студентов неязыковых факультетов вуза в процессе развития речевой культуры: на материале практического курса русского языка [Текст] / Г. Дуйшонбекова // Автореф. ...дис. канд. пед. наук. – Бишкек. – 2026. –23 с.
12. Карыбекова, Н. М. ЖОЖдо кош тилдүүлүктүн базасында чет тилдерин үйрөтүүнүн илимий-теориялык негиздери жана педагогикалык шарттары [Текст] / Н. М. Карыбекова // Пед. илим. канд. дисс. ...автореф. – Бишкек.: – 2017 – 20 б.
13. Куфлей, О.В. Дмитриенко, И.А. Хищенко Л.А. Методические рекомендации по разработке учубно-методического комплескса на основе компетентного подхода. [Текст] / О.В.Куфлей, И.А.Дмитриенко, Л.А. Хищенко // Методическое пособие для преподавателя. – Бишкек.: – 2012. – 48 с.
14. Кучугурова, Н. Д. Формирование профессиональной компетентности будущего специалиста. [Текст] / Н.Д.Кучугурова // Проблемы и перспективы педагогического образования в XXIвеке. – Москва.: –2000. – 360 с.
15. Мукамбетова, А. С. Кош тилдүүлүк боюнча мыйзамдын чыгышы Мамлекеттик тилди окутуунун жаңы баскычка көтөрүлүшү [Текст] / А.С.Мукамбетова // БГУнун Жарчысы. – Б.: 2007. – №1 (7). – 131-134-бб.
16. Гутарева, Н. Ю. Основные вопросы профессионально-орентированного обучения английскому языку в неязыковом вузе [Текст] / Н. Ю. Гутарева // http./www.englishteachers.ru/forum «Профессионально направленное обучение иностранному языку» журнал «Специалист» – № 4. – 2013 г.

17. Соловова, Е. Н. Методика обучения иностранным языкам Продвинутый курс [Текст] / Е. Н. Соловова // – Москва.: – 2008. – 28-бет.
18. Попов, М.А. «Профессионально направленное обучение иностранному языку» [Текст] / М.А. Попов // журнал «Специалист» – № 4 – 2013.
19. Калдыбаев, С.К. Основы научных исследований [Текст] / С.К.Калдыбаев, Г.Ж.Мунайтпасова, Б.М.Биймурсаева // – Бишкек. –2011. – 88 с.
20. Асипова, Н. Билим философиясы жана тарыхы [Текст] / Асипова Н. // – Бишкек.: –2010. – 206 -207-бб.
21. Тер-Минасова, С.Г. Язык и межкультурная коммуникация [Текст] / С.Г. Тер-Минасова // – Москва.: –2008. – 23-бет.
22. Кучугурова, Н.Д. Формирование профессиональной компетентности будущего специалиста. / Н.Д.Кучугурова // [Текст] Проблемы и перспективы педагогического образования в XXI веке. – Москва.: – 2000. – 360 с.
23. Виленский, М.Я. Технологии профессионально-ориентированного обучения в высшей школе [Текст] / М.Я.Виленский – Москва.: Пед. общество России.: – 2004. –192 с.
24. Гончарова, Н. Л. Функционирование триады “знания-умения-навыки” в современной дидактике [Текст] / Н.Л. Гончарова // Сборник научных трудов СевероКавказского государственного технического университета. Серия “Гуманитарные науки”. – № 2 (14). – 2005.
25. Голуб, Г. Б. Попытка определения компетенции как образовательного результата [Текст] / Г.Б.Голуб, О.В.Чураков // Современные подходы к компетентносно-ориентированному образованию: Материалы семинара – Самара.: Изд-во Профи, – 2001. – 236 с.
26. Багумов, В. Из опыта оценки качества учебных занятий. [Текст] / В.Багумов, В.Митин // Высшее образование в России. – 1995. – № 3. – 178 с.

27. Суранова, Н. Р. Колледждерде кыргыз тилин окутууда текстти колдонуунунметодикасы [Текст] / Н.Р.Суранова // Пед. илим. канд. дисс. ... автореф. – Бишкек.: – 2014. – 21 б.
28. Аманалиева, Г. Э. Медициналык адистиктин студенттери үчүн окуу сөздүгүн түзүүнүн лингводидактикалык негиздери [Текст] / Г.Э.Аманалиева // Пед. илим. канд. дисс. ... автореф.. – Бишкек.: –2021. –23 б.
29. Калдыбаев, С.К. Педагогикалык баалоонун негиздери. Педагогикалык билим берүү багытындагы бакалаврды даярдоо боюнча окуу куралы. [Текст] / С.К. Калдыбаев, А.М. Мамытов, С.И. Иптаров // – Бишкек: – 2014. – 180 б.
30. Карагулов, Д.К. Интерактивдүү методдорду колдонуунун педагогикалык технологиялары [Текст] / Д.К. Карагулов // Окуу китеби. – Бишкек.: – 2014.
31. Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери: Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы [Текст] / Э. Мамбетакунов // Кырг. Респ. билим берүү жана илим Министрлиги, Нарын мамлекеттик университети. Толукталып экинчи басылышы. – Бишкек.: Айат, 2008. – 304 б.
32. Мирончук, Е.В. Компетентность, профессионализм и личностные качества учителя. Проблемы теории и методологии предметного образования. Изобразительное искусство. Декоративно-прикладное искусство. Дизайн. [Текст] / Е.В. Мирончук // Сборник факультета ИЗО и НР МГОУ. М.: Изд-во МГОУ, 2021. –№ 5. – С. 23-30
33. Набиева, Е.В. Технология формирования исследовательской компетентности студентов педагогического университета через систему спецкурсов по единой проблеме [Текст] / Е.В. Набиева // Современные наукоемкие технологии. – 2004. – №4. – С. 69-71.
34. Леонтович, А.В. Исследовательская деятельность - стержень работы школы [Текст] / А.В. Леонтович // Лицейское и гимназическое образование. – 2001. – № 6. – 14-16 бб.

35. Лицман, Г.Н. Научно - исследовательская деятельность как средство профессионально - квалификационного роста учителя [Текст] / Г.Н. Лицман // – Урал. гос. пед. ун-т. – Екатеринбург.: – 2000. – С. 18-20.
36. Обухов, А. С. Исследовательская позиция и исследовательская деятельность: что и как развивать? [Текст] /А. С. Обухов // Исследовательская работа школьников. – 2003. – №4. – С. 18-23.
37. Порчнева, Е.В. Формирование профессиональной компетентности chez les futurs traducteurs/интерпретирует a l'etape de l'apprentissage des langues [Текст] / Е.В. Порчнева // Диалоги и культуры. –Париж.: Т.И. ФЭПФ. – 2001. – С. 457 – 462.
38. Сухамлинкий, В.А**.** Использование методов активного обучения в процессе формирования навыка создания письменных средств PR-коммуникации [Текст] / В.А**.** Сухамлинкий // – С. 169-172.

**Кандидаттык экзамендин кошумча программасынын суроолорунун тизмеси**

1. Профессионалдык коммуникацияда кептик ойлонуу ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн кантип жогорулатууга болот?
2. Англис тилинде кесиптик байланыш кебин өстүрүү боюнча кандай тематикалар кошумча киргизилди?
3. Англис тилин медициналык кесипке багыттап окутууда кандай методикалар пайдаланылды?
4. Студенттин алган билими боюнча текшерүү жана семестрлик баалоо кандай жүргүзүлөт?
5. Англис тилиндеги практикалык сабактар, алардын максатына ылайык келген чен-өлчөмдөргө негизделип дисциплинанын мазмуну зачеттук же модулдук бирдиктерге бөлүнүп чыгарылышы.
6. Окуу процессинен тышкаркы медик студенттерге өз алдынча англис тилинде кесиптик байланыш кебин өстүрүүчү кандай жумуштар, кептик коммуникацияда керектелүүчү тексттер менен иштөөсү камсыздандырылды?

7. Окуу процессинде ийгиликке жетүү үчүн окутуунун кандай интерактивдүү технологияларын пайдаланса болот?
8. Сабакта көп натыйжа берген кандай методдор байкалды?
9. Билим берүүнүн кандай технологиясына көп басым жасалды?
10. Сүйлөө жана сүйлөшүү көндүмдөрүн кептик-коммуникативдик компетенциялардын калыптаныш деңгээлине чейин жогорулатуу маселеси кандай?
11. Англис тилин окутуунун методикасы.
12. Англис тилин фундаменталдык негизде окутуу методикасы.
13. Англис тилин лингвосоциомаданий негизде окутуу методикасы.
14. Англис тилин коммуникативдик негизде окутуу методикасы.
15. Англис тилин интенсивдүү окутуу методикасы.

**Билдирүүнүн негизинде төмөнкү суроолор берилди:**

**Отурумдун төрагасы, Рысбаев С.К. п.и.д., проф.:** Профессионалдык коммуникацияда кептик ойлонуу ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн кантип жогорулатууга болот.

**Изденүүчү:** Профессионалдык коммуникацияда кептик ойлонуу ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн кырдаалдык сүйлөшүүлөрдүн алкагындагы оозеки кептин монологдук жана диалогдук белгилеринин сакталышына, англис тилинде окуяларга баа берүүдө кептин экспрессивдүүлүгүнүн чагылдырылышына, маек курууда өз мамилесин билдире алуусуна жана байланыш кептин үлгүлөрүнүн ар кандай шартта колдонуу эрежелерине таянып үйрөтөбүз.

**Абдулдаев Д.А., п.и.к., доцент:** Англис тилинде кесиптик байланыш кебин өстүрүү боюнча кандай кошумча тематикаларды киргиздиңер?

**Изденүүчү:** Мектептен окуп келген тематикалардан өзгөчөлөнүп кошумча кесиптик “Адам анатомиясы, адамдын түзүлүш структурасы, дене мүчөлөрү, адамдын  ички жана сырткы органдары, скелеттин түзүлүшү, оорунун түрлөрү, профилактика,  дарылоо ж.б. ” биринчи аралык текшерүүдө, экинчи аралык текшерүүдө “Медициналык текшерүүдөн өтүү, дарыгерди чакыруу,

ооруп калуу, доктордун кабылдамасында болуу, дарыгердин көзөмөлүндө болуу, дарылануу, дарыгердин консультациясы, оорулуунун даттануусу ж. б” тематикаларды киргиздик.

**Аманова Г.М., п.и.к:** Англис тилин медициналык кесипке багыттап окутууда кандай методикаларды пайдаландыңар?

**Изденүүчү:** Англис тилин окутуунун фундаменталдуу методикасы, мында негизги басым англис тилинин грамматикасын үйрөнүүгө жасалып, окуу, жазуу, которуу, жаттоо жумуштарына басым жасалат.

Англис тилин окутуунун **лингвосоциомаданий методикасы**, мында маданият аралык байланыш англис тилин окутууда башкы орунга чыгат. Эки элдин маданий байланыш түзүү аракети көрүлөт.

Англис тилин **коммуникативдик негизде окутуунун методикасы**, мында англис тилин окутууда биринчи орун жандуу пикирлешүүгө берилет. Аны толук жана сапаттуу ишке ашырууга басым жасалат.

**Отурумдун төрагасы, Рысбаев С.К. п.и.д., проф.:** Программа боюнча изденүүчүнүн баяндамасын жана ага карата лаборатория мүчөлөрүнүн пикирлерин уктук. Талкуунун жыйынтыгын чыгарып жатып, кошумча программа диссертациянын темасына шайкеш, жогорку медициналык окуу жайларында англис тили предметинде колдонулуучу негизги тематикалар толук өлчөмдө кесипке багытталгандыгын белгилеп кетким келет.

Күн тартибиндеги эки маселе тең каралып бүттү. Биринчи маселени добушка коем. Биринчи маселебизди эске сала кетсем: Изденүүчү  Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазган «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн  теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо жана алдын ала коргоого сунуштоо.

**Добуш берүүнүн жыйынтыгы биринчи маселе боюнча:**

**“Макул” – 23, “Каршы” – жок, “Калыс” – жок.**

Экинчи маселени добушка коем. Экинчи маселебиз Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясынын аспиранты Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазган «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши боюнча кандидаттык экзамен тапшыруу үчүн Филологиялык билим берүү лабораториясы менен изденүүчү тарабынан биргеликте иштелип чыккан кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

**Добуш берүүнүн жыйынтыгы экинчи маселе боюнча:**

**“Макул” – 23, “Каршы” – жок, “Калыс” – жок.**

Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясынын лабораториялар аралык кеңейтилген отуруму

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Изденүүчү Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазган «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши толук аткарылып бүткөн жана кандидаттык диссертацияларга коюлуучу КР УАКтын талаптарына жооп берген иш деп эсептелсин.
2. Талкуунун жүрүшүндө айтылган сунуш, пикирлердин негизинде Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазган «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика

адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын-ала коргоого сунуш кылынсын.

3. Изденүүчү Ниязова Жыпар Дуйшоевнанын 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазган **«Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү»** аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Отурумдун төрагасы:**
КББАнын Филологиялык билим берүү
лабораториясынын башкы
илимий кызматкери,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор Рысбаев С.К.

**Отурумдун катчысы:**
КББАнын Филологиялык билим берүү
лабораториясынын башчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты Батыркулова А.Б.

КАДРЛАР
БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ
КАДРОВ

## КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

720040, Бишкек ш., Биринчимай району, Эркиндик бульвары, 25 Тел. +996 (312) 672357

13.00.08. – кесиптик билим берүүнүн теориясы менен методикасы адистиги боюнча
илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**диссертациялык иш аткарылган жери боюнча талкуулоонун**

## КАТТОО БАРАГЫ

**Изденүүчү:** Ниязова Жыпар Дүйшөевна

**Диссертациялык иштин темасы:** «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү»

«8» 10 2024-жыл

| № | Аты-жөнү | Илимий даражасы, наамы (бар болсо) | Адистигинин шифри (бар болсо) | Иштеген жери / Кызматы | Кол тамгасы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ватпрусова А.Б. | п.и.к | 13.00.02 | КББА | [signature] |
| 2. | Рысбаев С.К. | п.и.д. проф. | 13.00.01 13.00.02 | КББА | [signature] |
| 3. | Музуралиев М.У. | п.и.к. | 13.00.02 | КББА вице-президенти | [signature] |
| 4. | Дөдаев К.Д. | п.и.д проф. | 13.00 | КББА | [signature] |
| 5. | Аманова Г.М. | п.и.к. | 13.00.02 | КББА | [signature] |
| 6. | Мукалбетова А.С. | п.и.д и.о проф | 13.00.02 | КНУ им. Ж. Баласагын | [signature] |
| 7. | Жумабаева Г.А. | п.и.к. | 13.00.01 | КББА | [signature] |
| 8. | Бейбоева А.А | п.и.к | 13.00.01 | КББА | [signature] |
| 9. | Имомкулов М.Ж | п.и.к., доц | 13.00.01 | КББА, | [signature] |
| 10. | Абдурасев Д.А | п.и.к., доц | 13.00.01 | КББА, | [signature] |

| № | Аты-жөнү | Илимий даражасы, наамы (бар болсо) | Адистигинин шифри (бар болсо) | Иштеген жери / Кызматы | Кол тамгасы |
|---|---|---|---|---|---|
| 11. | Эспаева Б.С | к.п.н | 13.00.01, 13.00.02 | КАО. | |
| 12. | Мусаева В.И. | п.и.д., проф. | 13.00.02. | И.Арабаев ат. КМУ | |
| 13. | Алымбаева Б.Б. | а.и.к. | 13.00.02 | КАО | |
| 14. | Бейшекбаева Б.Б. | а.и.к | 13.00.01 | КАО | |
| 15. | Дюшеков А.А. | – | – | КАО (аспирант) | |
| 16. | Асанова А.С. | – | – | КАО (аспирант) | |
| 17. | Зулумова А.Т | п.и.к. доц. и.о | 13.00.08 | ОшМУ доц. декан о/и | |
| 18. | Акимова Н.А. | п.и.д., проф | 13.00.01 | КУУ ж. Баласагын | |
| 19. | Жолчиева А.А. | п.и.к. доцент | 13.00.08 | Эл аралык Ала-Тоо ун | |
| 20. | Бекшибаев К.М. | п.и.д. проф. | 13.00.08. | Х.А. Ясави ат. Казак-Түрк | |
| 21. | Талантбек к. Айбиназ | | | КББАнын аспир. бөл. башч. | |
| 22. | Нусупова Р.С. | п.и.к доц. | 13.00.08. | Б.Осмонов ат. ЖАМУ | |
| 23. | Аттокурова Ч.А. | а.и.к | – | КАО | |
| 24. | | | | | |
| 25. | | | | | |
| 26. | | | | | |
| 27. | | | | | |
| 28. | | | | | |

КББАнын кызматкерлеринин кол тамгаларын тастыктайм. Кадрлар бөлүмүнүн башчысы А. Асанова

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Катчы: Батыркулова Д.Б.